- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коомдук кепилдиктерге жана жеңилдетүүгө (льготаларга), кыскартылган жумуш жумасына жана акы төлөнүүчү өргүүгө;

- тиешелүү квалификация категориясы боюнча аттестациядан өтүүгө.

7.15. Окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу планына жана программалардын саатынын санына, кадрлардын коопсуздугуна жана жалпы билим берүү мекемесинин башка өзгөчө шарттарына жараша аныкталат. Окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) көбүрөөгү же азыраагы саат нормалары эмгек акысы үчүн кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен аныкталат. Окуу жылдын башында уюштурулган окуу жүгүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү администрациясынын демилгеси менен окуу жылдын учурунда азайтылышы мүмкүн эмес,бөтөнчө учурларда, класстардын санын кыскартуу, окуу пландары жана программаларын сааттарынын санынын класстардын (топтордун) санын кыскартуу учурларда окуу жүгүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү азайтылышы мүмкүн.

7.16. Жалпы билим берүү мекемесинин башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери, тиешелүү типтүү квалификация мүнөздөмөлөрдө жана жалпы билим берүү мекемесинин Уставында аныкталган.

## VIII. Жалпы билим берүү мекеменин структурасы

8.1. Жалпы билим берүү мекемесинин структурасын уюштуруучулар тарабынан коюлган маселелер жана ушул Уставды эске алуу менен директор аныктайт да, уюштуруучулар бекитет.

8.2. Жалпы билим берүү мекемеси өз эрки менен, каржылык ресурстардын жана окуучулардын санынын негизинде кызматкерлердин саны аныкталат.

Кызматкерлердин иш милдеттери ички жобо актылар менен аныкталат да директор тарабынан бекитилет.

## IX. Жалпы билим берүү мекемесинин башкаруу

9.1. Жалпы билим берүү мекемесин башкаруу Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына, жана ушул Уставка ылайык демократиялык, ачык-айкындык, жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык, адамдын өмүрүн жана ден-соолугун коргоо, жеке адамдын эркин өнүгүүсү принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

9.2. Жалпы билим берүү мекеменин башкаруу жогорку органы, ыйгарым укуктары жалпы билим берүү мекемесинин иш-аракеттерин координациялоочу катары уюштуруучулар болуп саналат.

Уюштуруучулар төмөнкүлөрдү иш жүзүнө ашырат:

- каржылык колдоо көрсөтүүнү;
- материалдык - техникалык жактан колдоо көрсөтүүнү;
- Уставды кабыл алууну жана өзгөртүүлөрдү,толуктоолорду бекитүүнү;
- түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү (жоюунун) макулдугун берүүнү;
- мекемени кайра уюштурууну жана жоюу жөнүндө чечимин кабыл алууну;
- жоюу боюнча комиссиянын курамын аныктоону, дайындоону, анын мүчөлөрүн кайта чакырып алууну, жоюу балансын бекитүүнү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралгандагы башка маселелерди.

9.3. Айыл өкмөтүнүн макулдулугу менен, райондук билим берүү бөлүмү дайындаган директор жалпы билим берүү мекеменин түздөн-түз жетекчилигин иш жүзүнө ашырат.

9.4. Жалпы билим берүү мекеменин директору:

- педагогикалык коллективди башкарат;